Аллахтын элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахтан башка ибадат кылууга татыктуу кудай жок экенине жана Мухаммад анын элчиси экендигине күбөлүк берүүгө, намаз окууга, зекет берүүгө, (башчыны) угууга жана баш ийүүгө, бардык мусулмандарга насаат кылууга ант-убада бердим

Жарир бин Абдуллах (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахтан башка ибадат кылууга татыктуу кудай жок экенине жана Мухаммад анын элчиси экендигине күбөлүк берүүгө, намаз окууга, зекет берүүгө, (башчыны) угууга жана баш ийүүгө, бардык мусулмандарга насаат кылууга ант-убада бердим.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Сахаба Жарир бин Абдуллах (ага Аллах ыраазы болсун) Аллахтын элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) төмөнкү иштерге ант-убада бергенин айтат: тавхидди карманууга, бир суткада күнү-түнү окулчу беш убак парз намазды, үрүкүн, ваажыб, сүннөттөрүн аткарып толук окууга, парз зекетти берүүгө, ал байлардан алынып, татыктуу кембагалдарга бериле турган мал-мүлккө тиешелүү ибадат, башчыларга баш ийүүгө жана бардык мусулмандарга насаат кылууга. Анткени насаат сөз менен жана амал менен болуп, ага пайдасын тийгизип, жакшылыкка жетүүсүнө, андан жамандыктын кетүүсүнө умтулуу менен болот.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3512